# Май айында болгон окуя



Автор: Дейя Касымова
Сүрөтчү: Алёна Дин
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Май айында болгон окуя

Автор: Дейя Касымова
Сүрөтчү: Алёна Дин
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Однажды в мае*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/), за исключением случаев, указанных ниже. түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Май айында болгон окуя" (кыргыз тилинде), автор Дейя Касымова, сүрөтчү Алёна Дин,
кыргыз тилине Талгат Деркембаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алынып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат. Сырткы бет 6-б, фотограф Kaprisova, © 2021 Shutterstock.com.5-б, фотограф knyazevfoto, © 2021 Shutterstock.com. 7-б Inna Giliarova, © 2021 Shutterstock.com.8-б © 2013 iandavid. CC BY-NC-SA 2.0 https://search.creativecommons.org/photos/01a748cf-fc6e-4759-9656-626b2277ecd6. Стр. 10 Simlinger, © 2021 Shutterstock.com.11-б фотограф Simlinger, © 2021 Shutterstock.com.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Бир жолу, 2020-жылдын май айынын башында, бөбөгүм Айша экөөбүз үйдүн короосунда ойноп отурганбыз. Түштө асман бүркөлүп, жамгыр төгүп кирди.

Анан теннис тобундай чоң мөндүрлөр асмандан жерге дабырап жаай баштады. Мөндүр гүлдөгөн бак-дарактарды, өсүмдүктөрдү бүлдүрүп, жерге жайнап чачылды.

Биз кийимибиз суу болуп, үйгө чуркап кирдик.




Кеч киргенде мөндүр аралашкан жамгыр токтоду. Бир маалда тоолордон күн күркүрөгөндөй үн угулду! Акыркы күндөрү жамгыр жаап, чагылган түшүп, күндүн күркүрөгөнүнө көнүп деле калганбыз. Бирок бул ирет өзгөчө күркүрөгөн доош токтогон жок. Ал жакындап келе жаткан поезддин үнүнө окшоп кетти.

– Эмне үчүн күрү-гүү дагы эле бүтпөйт? – деп сурадым атамдан.

– Менин оюмча, бул күркүрөгөн үн жөндөн жөн эле болуп жаткан жок. Азыр карап келейин, – деп, атам жана көчөгө чыгып кетти.

Бир мүнөттөн кийин, ал чочугандай түр менен үйгө чуркап кирип:

– Биз үйдөн дароо кетишибиз керек! Чоң суу каптап келатат! – деди.



Атам кооптуу учурларга деп дайындап койгон текчеден асынма баштыгын алды.

Кызгылт-сары рюкзакка документтер, дары-дармектер жана суу өткөрбөс жылуу кийимдер алдын ала салынган болчу.

Апам табигый кырсык болуп кетиши мүмкүн болгон жерлерде жашаган бардык адамдардын "сактануу баштыгы" даяр турушу керек дечү. Апам ага бузулуп кетпей турган тамак-аштардан жана ичер сууну да салып койгон эле.



– Эрмек, Айша, өзүңөргө эң керектүү буюмдарды алгыла! – деди апам.

Мен кол чырагымды, компасты жана телефонумду алдым. Айша жакшы көргөн куурчагын алды.

Атам үйгө кирген газ, суу жана электрди өчүрдү. Апам терезе, эшиктерди бекем жаап койду.

Терезеден короону суу каптап калганын көрдүк. Суу өткөрбөс жылуу кийимдерди жана резина өтүктөрдү тез кийип, биз короодон көчөгө чыктык. Атам Айшаны колуна көтөрүп алды.



Көчө заматта күрөң түстөгү дарыяга айланды. Суу үстүндө агып келе жаткан чакалар, кутулар, тактайлар, идиштер эле көрүнөт! Суу тизеге чейин жетти. Суу чоң жолдун боюнан келип жатты. Чоң жол биздин үйдөн анча алыс эмес аралыкта болчу.



Чоң жолдун боюн күргүштөгөн ылай суу жайпап жаткан экен. Суунун күчтүү агымы таштарды ордунан оодарып, таштын сыныктарын, чопо, бак-дарактардын бутактарын, кызыл автоунааны агызып келе жатат. Ал тургай суунун шары менен бир ак уй агып кетти! Адамдарга чоң жолго жакын келүүгө мүмкүн эмес эле. Аларды да суу агызып кетиши ыктымал болчу.



Жаратылыштын мындай кубулушу тууралуу биз мектепте, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери деген сабакта өткөнүбүз эсиме түштү. Ал тургай бул көрүнүштүн аты сел экендиги эсимде калыптыр.

Мугалим бизге: “Сел – тоодо кар эрип, жамгыр жааганда пайда болгон ылай суунун агымы”, – деп түшүндүргөн. Селдин ылдамдыгы секундасына 10 метрге, бийиктиги 15 метрге жетиши мүмкүн. Бул беш кабаттуу үйдүн бийиктигине барабар!

Мугалим биздин аймакта, айрыкча Кыргызстандын түштүгүндө сел көп болорун айткан.



Мен алыстан селдин күркүрөгөн агымын көрдүм.

Ал бийик тоолуу аймактардан башталып, жолунда кезиккендин баарын талкалап келатты.



Адамдар коркуп үйлөрүнөн чуркап чыгышып, көчөлөрдө турушту. Атам  кошуналарды чогултуп, коопсуз жерге ээрчитип жөнөдү. Биз коркунуч каптаган көчөбүздөн, шосседен тоо боорун карай өйдөлөп чыгып бараттык.

Баарыбыз бийик жерге жайгаштык. Куткаруучуларды ушул жерде күтөлү деп чечтик. Көп өтпөй куткаруучулар тик учактар менен учуп келишип, бизге ысык тамак, таттуу менен чай беришти.

Жууркан-төшөктөрдү таркатып, чатырларды тигишти.

Башка куткаруучулар короолордогу, көчөлөрдөгү жана жолдордогу сууларды сордуруп чыгарып жатышты. Куткаруучулардын бүтүндөй тобу Исфана-Сай каналынын жээгин калыбына келтирип, бекемдешти.

Күркүрөгөн сел ушул каналды бойлой жүргөн эле. Каналдын аталышы да шаардын атындай эле Исфана деп аталчу. Исфана шаары Баткен облусунун Лейлек районунда жайгашкан.



Акыры сел токтоду. Бир нече күндөн кийин биз үйгө кайттык. Кээ бир үйлөр толугу менен кыйраган экен. Кээ бир үйлөрдүн, курулуштардын дубалдарын суу жеп кетиптир.

Сел айдоо жерлерди да каптап, бир канча малды, анын ичинде биз көргөн ак уйду агызып кетиптир. Ак уйдун ээси Райкул апа биздин көчөдө жашачу.



Короолорду, көчөлөрдү жана жолдорду каптаган суу кетти. Болгону көчөдө суу агызып келген чопо, топурак жана таштар ылайланып жайнап жатты.

Биз ынтымакташып, көчөлөрдү тазалай баштадык. Адамдар бири-бирине үйлөрүн жана короолорун иретке келтирүүгө жардам беришти. Башкалардыкы сыяктуу эле, биздин үйдүн дубалдары жана тактайы суу болуп, ным тартып калыптыр. Кургатуу үчүн эшик-терезелердин баарын ачып койдук.

Чоңдор акыркы күндөрдөгү окуяларды эстешип, бардык жаман нерселер артта калганына шүгүр келтиришти! Балдар бул унутулгус укмуштуу окуяны эстеп жатышты. Кошуналар кырсык бардыгынын башын бириктирип, ынтымактуу кылды деп айтышты.



Ошондон көп өтпөй, бир жылуу кечте эстен кеткис окуя болду. Ак уйду жетелеген куткаруучу келип калды. Бул баягы сел алып кеткен уй экен! Райкүл апа башка апалар менен отургучта ак уюн эстеп, кайгырып отурган. Ал уюн аман-эсен, тирүү көрөр замат бардыгын унутуп, кубанган боюнча чуркап келди. Уюн кучактап, колдору менен мойнунан сылап:

– Сен менин суугa чөкпөс уюмсуң! – деп эркелетти.

Ошондон кийин бардыгы бул уйду Байдарка деп атап калышты!



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Дейя Касымова
Сүрөтчү: Алёна Дин
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

Сүрөттөр төмөнкү сайттардан алынган:
www.shutterstock.com,
www.creativecommons.org.

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли